| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ** | | **НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

12-декабрь 2022-ж. № 17 Бишкек ш.

**Педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 19-ноябрындагы №22 жана 2022-жылдын 6-июлундагы № 10 буйруктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 1-декабрындагы № 544 токтомунун (№ 9э/к-4/2 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча); 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамбетакунов Уланбек Эсенбекович Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 19-пунктундагы талаптарга ылайык келбегендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүү технологиялары кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор Мааткеримов Нурсапар Оролбекович 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика) (авторефераты боюнча), 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика) (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.
3. Педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин 13.00.04 - дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиги боюнча мүчөсү, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Иманбаев Аскарбек Асангазыевичке 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу берилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**